• УЛУТТУК БАНК ЭСКЕРТЕТ



# "АКЧА АЛМАШТЫРУУ БЮРОЛОРУНА МЫЙЗАМДУУ ИШ АЛЫП БАРУУ ТАЛАП КЫЛЫНАТ"

**КРнын Улуттук банкынын Инспектирлөө башкармалыгынын Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин инспектирлөө бөлүмүнүн башчысы Эрлан АБДРАИМОВ:**

**– Эрлан Чоробекович, Кыргыз Республикасынын аймагында канча акча алмаштыруучу пункттары иштейт? Алардын ишмердигине кандай көзөмөл жүргүзүлүүдө?**

– Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 30-майына карата Улуттук банк тарабынан берилген лицензиялардын негизинде чет өлкөлүк накталай акчаларды алмаштыруу боюнча 345 акча алмаштыруу бюролору иш алып барууда. Улуттук банк 2016-жылдын 30-майына карата акча алмаштыруу бюролору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоо ишмердигине каршы аракет жүргүзүү маселелери боюнча талаптарды сактоо жаатында 84 жолку текшерүүнү жүзөгө ашырган. Мына ушул текшерилген акча алмаштыруу бюролорунун ичинен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары жана Улуттук банктын ченемдик-укуктук актылары бузулгандыгына байланыштуу аларга 2 эскертүү, 18 буйрук, 12 лицензиянын иштешин токтото туруу, 2 лицензияны кайтарып алуу чаралары көрүлгөн. Ошондой эле 2016-жылдын 1-январынан тартып Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыш менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы жана Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети менен биргеликте лицензиясыз иш жүргүзүү фактыларын табуу боюнча рейддик текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Текшерүүлөрдүн жүрүшүндө табылган укук бузуу фактылары боюнча 28 протоколдор түзүлгөн, укук бузган кишилер идентификацияланып, андан соң иштер административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштерди кароо боюнча жыйындардын алкагында каралган. Мына ушул жыйындардын жыйынтыктары боюнча укук бузгандар республиканын бюджетинин пайдасына 42000 сом суммасындагы айып акы төлөө менен административдик жоопкерчиликке тартылышкан.

**– Акча алмаштыруу бюролорун ачып, мыйзамдуу иш алып баруу үчүн кандай талаптарды аткаруу жана кандай документтер зарыл?**

– Акча алмаштыруу пункттардын мыйзамдуу иш алып барышы үчүн "Чет өлкөлүк накталай акчалар менен алмаштыруу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияларды берүү тартиби жөнүндөгү" Жобо бар. Ушул Жобонун талаптарына ылайык документтер чогултулуп, алар КРУБга өткөрүлөт.

**– Жогоруда Сиз мыйзамсыз иш жүргүзүп жаткан акча алмаштыруу пункттары бар экендиги тууралуу айтып өттүңүз. Аларды азайтуу же андайларды жоюу үчүн Улуттук банк тарабынан кандай ишчаралар көрүлүүдө?**

– Акча алмаштыруучу бюролордун мыйзамсыз иш алып баруусун токтотуу максатында КРУБ, ЭККМК жана ИИМ менен биргеликте чет өлкөлүк валюталар менен алмаштыруу операцияларын жүргүзгөн ишкер субъектилердин талаптарды сактоосун көзөмөлгө алуу боюнча иш-чаралары күрүүнүн биргелешкен иш планы кабыл алынган. Жогоруда айтылган субъектилерге карата Улуттук банк тарабынан КРнын Административдик кодексинин 357-статьясына ылайык административдик чаралар көрүлгөн. Административдик айып акынын өлчөмү 1500 сомду түзөт. Ошондой эле КРУБнын Төрагасынын 2014-жылдын 17-октябрындагы №227-0 буйругу менен лицензиясыз иш жүргүзүү менен күрөшүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топтун курамына КРӨнүн алдындагы МСКнын, ЭККМКнын жана ИИМдин, бизнес Ассоциацияларын жана акча алмаштыруу бюролорунун өкүлдөрү кийирилген. Жумушчу топтун сунушу боюнча КРУБ тарабынан Улуттук банктын лицензиясыз иш жүргүзгөн чет өлкөлүк накталай валюталарды алмаштырууну жүзөгө ашырган субъектилердин санын азайтуу жолу менен Кыргыз Республикасындагы көмүскө экономиканы кыскартуу максатында Улуттук банктын Башкармалыгынан 2015-жылдын 31-мартындагы №20/2 токтому менен юридикалык жак бир акча алмаштыруучу бюрону ачкан учурда айлантууга коюлган каражатынын минималдык суммасы 1 000000 (бир миллион) сомдон 500 000 (беш жүз миң) сомго убактылуу (үч айлык мөөнөт менен) азайтуу чечими кабыл алынган. Муну менен Улуттук банк лицензия алуу үчүн шарттарды жеңилдетүү чарасын көргөн.

**– Мындай жеңилдик берүү өз натыйжасын бердиби? Мыйзамдык негизде иш жүргүзгөн акча алмаштыруу бюролорунун саны көбөйдүбү?**

– Тилекке каршы, акча алмаштырууну жүзөгө ашырууга лицензияларды алуу үчүн шарттарды жеңилдетүү боюнча Улуттук банк тарабынан кабыл алынган чечим биз күткөн жыйынтыктарды берген жок. Лицензия алуударды мындай жеңилдиктерди ишкерлердин аз гана бөлүгү пайдаланышты көрүнөт. Бул факт көрсөтүп тургандай, ишкерлер тарабынан мыйзамсыз лицензиясыз ишмердикти жүргүзүүнүн келип чыгыш себеби, документтерди топтоо жана лицензия алуу кыйынчылыктары эмес экендиги, укук бузуу менен мыйзамсыз иш алып баргандар үчүн азыркыдай шарт ыңгайлуу экендигин дагы бир жолу ырастоодо. Анткени, эң жогорку административдик айып акынын өлчөмү болгону 1500 сомду түзүүдө.

**– КРУБ сунуштаган мыйзамдык долбоордо административдик айып акынын канчага жогорулатууну сунуштайт?**

– Мыйзамсыз лицензиясыз иш алып барган кишилердин жоопкерчилигин көтөрүү максатында КРУБ тарабынан Административдик кодекстин чет өлкөлүк валюталарды алмаштыруу боюнча мыйзамды бузуу менен лицензиясыз иш алып баргандыгы үчүн административдик айып акынын өлчөмүн жогорулатуу бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү боюнча мыйзам долбоору иштелип чыккан. Бул мыйзам долбоору боюнча лицензиясыз банк операцияларын, анын ичинде чет өлкөлүк валюталар менен алмаштыруу операцияларын жүргүзгөндөр үчүн айып акы көлөмүнө төмөндөгүдөй өзгөртүү сунушталган:

- ✓ ***Жарандарга 1500 сомдон 50 000 сомго чейин;***
- ✓ ***кызмат адамдарына 3000 сомдон 100 000 сомго чейин;***
- ✓ ***юридикалык жактарга 200 000 сомго чейин.***

Бул мыйзам долбоору КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 16-майында үчүнчү окуудан кийин кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти бекиткенден кийин мыйзам расмий түрдө жарыяланып, 3 айлык мөөнөт өткөндөн кийин ал мыйзам күчүнө кирет.

**– Өткөн жылы "Альянс" акча алмаштыруу бюролорунун Ассоциациясы түзүлгөн болчу. Ассоциация "Альянс" менен КРУБнын өз ара байланыш аракеттери кандай болууда?**

– КРУБ менен "Альянстын" ортосунда 2015-жылдын 12-мартында "Акча алмаштыруу бюролорунун ишмердиги боюнча кызматташуу жана маалымат алмашуу жөнүндө" келишим түзүлгөн. Бул келишимге ылайык Ассоциация сутка сайын эртеңки күндүн саат 11инен кечиктирбей акча алмаштыруу бюролорунун ишмердиги тууралуу маалымат берип турууга милдеттүү. КРУБ өзү тараптан Ассоциация тарабынан маалыматты кабыл алууга жана КРУБнын НПАсына өзгөртүүлөрдү кийирүү чаралары боюнча маалыматты өз убагында жөнөтүп турууга милдеттүү.

**– Белгилүү болгондой, КРУБ акча алмаштыруу бюролорун жабуу боюнча демилгени коомчулукка алып чыккан болчу. Бул сунуштардын жыйынтыктары кандай болууда, ал КР ЖКда каралдыбы?**

– Улуттук банк жылдын башында "КРнын айрым ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү жөнүндө" мыйзам долбоорун иштеп чыккан.

2015-жылы КРнын аймагында бардыгы болуп 482 акча алмаштыруу бюролору текшерилген, алардын ичинен КРУБнын мыйзамдарын бузгандары табылган, б.а. кардарларды идентификациялоо болгон эмес, чет өлкөлүк валюталардын толук көлөмү көрсөтүлгөн эмес, жыйынтыгында Улуттук банкка туура эмес маалыматтар берилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузгандыгы фактылары боюнча акча алмаштыруучу бюролорго төмөндөгүдөй чара көрүүлөр колдонулган:

- ✓ ***13 эскертүү;***
- ✓ ***89 буйрук;***
- ✓ ***22нин лицензияларын токтотуп туруу;***
- ✓ ***6 лицензияны чакырып алуу.***

Ошондой эле Улуттук банк тарабынан 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыш менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен бирдикте лицензиясыз иш жүргүзүү фактыларын таап чыгуу боюнча рейддик текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Бул текшерүүлөрдүн жүрүшүндө 205 протокол түзүлгөн. Лицензиясыз иш жүргүзүүнүн 187 фактылары боюнча укук бузгандар идентификацияланган жана андан ары "Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү" Кодекске ылайык укук бузуучуларга жалпы 280,5 миң сом суммасындагы айып акы салынган, ал республикалык бюджетке төлөнгөн.

> Бул мыйзам долбоору боюнча лицензиясыз банк операцияларын, анын ичинде чет өлкөлүк валюталар менен алмаштыруу операцияларын жүргүзгөндөр үчүн айып акы азыркы учурдагы көлөмүн төмөндөгүдөй өзгөртүү сунушталган:
>
> - ✓ ***Жарандарга 1500 сомдон 50 000 сомго чейин;***
> - ✓ ***кызмат адамдарына 3000 сомдон 100 000 сомго чейин;***
> - ✓ ***юридикалык жактарга 200 000 сомго чейин.***
>
> Бул мыйзамдагы долбоору КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 16-майында үчүнчү окуудан кийин кабыл алынган.

**Маектешкен**
**Абдимухтар АБИЛОВ**